берилип, искусствонун ар бир багытына тереӊ маани берип, ар бир чыгарманын маанисин ачып, өзгөчө териден жасалган же башкача айтканда аткарылган эмгектерди таразага салып, бирок ошол эле мезгилде тереӊ изилдөөгө алынынышы замандын талабы эмеспи. Ойлорубузду жалпылап келгенде искусствонун бир бутагын түзгөн колдонмо кол өнөрчүлүгү жана анын алкагындагы терини иштетүүнүн тарыхы, иштөө жолдору, иштөө манералары жана алардын педагогикалык билим берүү жаатында колдонулуусу өзөчө бир кубулуштардан турган изилдөөлөрдү талап кылат. Демек биздин искусствонун тармагы болгон терини иштетүүнүн жолдорун изилдөө, чыгармачылыктан жаралган чыгармаларга эстетикалык жактан баа берүүбүздүн негизги максаты илимий педагокалык багыттагы тематикалык пландарды, талаптарды, суроо-жооп, окутуп билим берүү жана үйрөтүү, атайын пайдалуу сунуштарды киргизүү менен бирге эле билим берүүдөгү кызыктуу кубулуштарды жаратуу болмокчу. ”Өз кезегинде искусство багытында билим берген ар бир мугалим үчүн окуу методикалык көргөзмө илимий теориялык жазмалар болуусу шарт”[5]. Албетте, кандайдыр бир макаланын же бир окуу методикалык көгөзмөнүн днңгээлинде бардык материалдык баалуулуктарды ачып чыгуу мүмкүн эмес. А бирок ошондой болсо да жалпы багытагы илимий теориялык жана илимий практикалык баалуулуктарга ой жүгүртулдү. ”Балдарга тарбия берүүдөгү эӊ алгачкы максат, атайын багыттык кесип боюнча билим берүү, -бул атайын багытталган жана жигердүү эмгектенүүнү талап кылган педагогикалык окуу процесстеринен турат”[5].

Жыйынтыктай келгенде Кыргыз колдонмо көркөм өнөрүндө өтө көп ачып жана баалап чыкчу материалдык да жана руханий баалуулуктар катарына кирчү сырлар жаткандыгы маалым болду.

Ошондуктан эгерде бүгүн биз ар бир чыгармага туура баа берип, ошол эле мезгилде илимий-теориялык баалай билбесек анда биз келечек муундун алдында өтө чоӊ күнөөгө баткан болуп калабыз. Андыктан илимди баалап сүйгөн ар бир инсандын илиий-теориялык чыгармачылыгына ийгилик гана каалап, материалдык жактан жардам бере албасак да жок дегенде сөз менен жардам берип, колдон келсе ”бут тоспой жашасак”, -абдан чооӊ эмгек жасаган болоор элек да....

**Колдонулган адабияттар:**


1. Н.М.Сокольникова. Основы Композиции.М.,1998.стр.44.
2. А.В.Петровский. Психология развивающегося личности.М.,1987.стр.157.
3. Юрий Борев. Эстетика. М.,1975.стр.75.
4. У.А.Закиров. Сүрөт.Б.,2014.бет.9.
5. Ю.К.Бабанский. Педагогика.М.,1998.стр.9.


**Рецензенти: п.и.к., доцент, ардактуу профессор Токсомбаева Э.Т.**

УДК 947.1 (575.2): 322.8

**Куттубекова В.М., Өмүрбеков Ч.К.**

ага окутуучу, И.Раззаков атындагы КМТУ,

т.и.к., доцент, Эл аралык илим жана бизнес университети

## ЧҮЙ ЖАНА ТАЛАС ӨРӨӨНДӨРҮНДӨ XX КЫЛЫМДЫН 60-90-ЖЫЛДАРЫНДА АЙЫЛДА ЖАШАГАН КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨӨЛӨРҮНҮН ТАМАК-АШ МАДАНИЯТЫНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ ДЕМОГРАФИЯЛЫК ПРОЦЕССИНИН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Сунушталынган макалада Чүй жана Талас өрөөндөрүндө XX кылымдын 60-90-жылдарында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө демографиялык жараяндардын (процесстердин) тийгизген таасирлери статистикалык жана талаада чогултулган этнографиялык маалыматтардын негизинде талдоого алынган. Аталынган булактардын негизинде Чүй жана Талас аймактарынын айыл жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө шаардык тургундардын жана башка элдер менен болгон этномаданий байланыштардын тийгизген таасирлери тастыкталган.*

**Түйүндүү сөздөр:** *статистикалык маалыматтар, демография, Бүткүл союздук эл каттоо, айылдык калк, табыгый өсүш.*

**Куттубекова В.М., Омурбеков Ч.К.,**
старший преподаватель КГТУ им.И.Раззакова,
к.и.н., доцент МУНиБ

## ВЛИЯНИЕ ДЕМОГРАФИЧЕСКИХ ПРОЦЕССОВ НА КУЛЬТУРЫ ПИТАНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ СЕЛЬСКОЙ СЕМЬИ ЧУЙСКОЙ И ТАЛАССКОЙ ДОЛИН В 60-90-Е ГОДЫ XX В.

*В предлагаемой статье на основе статистических данных и полевых этнографических материалов проанализировано влияние демографических процессов на культуры питания кыргызской сельской семьи Чуйской и Таласской долин в 60-90-е годы XX в. На основе вышеуказанных источников была проведена попытка проанализировать воздействия городских жителей и влияние этнокультурных контактов других народов, проживающих в данных регионах.*

**Ключевые слова:** *статистические информации, демография, Всесоюзная перепись населения, сельское население, естественный рост.*

**V.M. Kuttubekova, Ch.K. Omurbekov**
senior lecturer KSTU name I.Razzakov,
c.h.s., assistant professor International University of science and business

## THE INFLUENCE OF DEMOGRAPHIE PROCESSES ON THE CULTURE SUPPLY THE KYRGYZ RURAL FAMILY CHUI AND TALAS VALLEYS IN THE 60-90-TO THE YEAR 20 CENTURY

*In the proposed article on the basis of statistics and field ethnoqraphic materials analyzed the influence of demoqraphic processes on the culture supply the kyrqyz rural family Chui and Talas valleys in the 60-90-to the year 20 century/ On the basis of the above – mentioned sources was carried out attempt to analyze the impacts of ethno-cultural contacts other people eivinq in the data reqions.*

**Key words:** *statistical information, gemaqraphics, all – Union census, rural population, natural qrowth.*

1963-жылы жарыкка чыккан "1959-жылдагы Бүткүл союздук эл каттоонун жыйынтыктары" деген статистикалык эмгекте "Кыргызстандын жалпы аянты 198.5 миң кв.км. Анын ичинен 73.9 миң квадрат километрди республикага баш ийген райондордун (мындай райондордун курамына Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жайгашкан райондор кирген) аймагы түзөт. Бул аймакта 19 район, 4 шаар, 14 шаар тибиндеги поселок, 190 айылдык кеңеш жайгашкан" [1:11] деп көргөзүлөт. Ушул эле статистикалык жыйнакта республикага баш ийген райондордун жалпы калкынын саны - 840696 адам көргөзүлөт. Мындай статистикалык маалыматтар андан ары талдоого алынып, алардын саны шаар калкына - 171205 адам жана айыл калкына - 669491 адам бөлүнгөндүгү белгиленет [1:12].

Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн айыл жерлеринде жашаган калктын арасында 1959-жылы жүргүзүлгөн Бүткүл союздук эл каттонун маалыматтарын 1926-жылдагы Бүткүл союздук эл каттоонун малыматтарына салыштырсак, анда төмөндөгүдөй демографиялык жылыштардын өкүм сүргөндүгүн байкайбыз (караңыз 1-жадыбалды).

**1-жадыбал. 1926-жылдан 1959-жылга чейин Чүй жана Талас өрөөндөрүндөгү демографиялык өзгөрүүлөр[2:197-198; 3:131-132]**

| № | Аймактын аталышы | 1926 | 1959 | 1959-ж. 1926-жыл-га караг-да сан жагы-нан өсүшү | 1959-ж. 1926-ж. караг. % менен өсүүсү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Фрунзе кантону | 83475 | 456716 | 288089 | 27.08 |
| 2 | Чүй кантону | 85152 | - | - | - |
| 3 | Талас кантону | 72721 | 103396 | 30675 | 42.09 |

1926-жылдагы Бүткүл союздук эл каттоодо азыркы Чүй облусунун аймагы Фрунзе жана Чүй кантондоруна бөлүнгөн. Ал эми Талас облусунун аймагы Талас кантонунун курамына кирген.

Жогоруда 1-жадыбалда белгиленгендей Чүй облусунун айыл жерлеринде жашаган калктын жалпы саны 1959-жылы 1926-жылга салыштырганда 288089 адамга же 27.08%га өскөн. Ал эми Талас облусунун жалпы калкы – 30675 адамга же 42.09% га жогорулаган.

Бүткүл союздук эл каттолордо (1959, 1970, 1979, 1989-жж.) Чүй жана Талас өрөөндөрү боюнча айылдык калк отурукташкан пункттардагы демографиялык көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй (караңыз 2-жадыбалды):

**2-жадыбал. Чүй жана Талас облустарынын айыл жерлеринде 1959, 1970 1979, 1989-жылдардагы Бүткүл союздук эл каттоолордо туруктуу, үзгүлтүксүз жашаган адамдардын саны [1; 3; 4]**

| № | Аймактын аталышы | 1959 | 1970 | 1979 | 1989 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасы | 20065009 | 2934137 | 3522832 | 4257755 |
| 2 | *Талас облусу* | *103603* | *140747* | *163492* | *192509* |
| 3 | Бакай-Ата району | 21014 | 26701 | 33290 | 39679 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Кара-Буура району | 26949 | 35841 | 41270 | 47272 |
| 5 | Манас району | 15897 | 21289 | 23094 | 26786 |
| 6 | Талас району | 25876 | 36817 | 43423 | 48252 |
| 7 | *Чүй облусу* | *459001* | *621004* | *700063* | *796692* |
| 8 | Аламүдүн району | 56467 | 88455 | 105051 | 116325 |
| 9 | Жайыл району | 72759 | 89647 | 96025 | 108834 |
| 10 | Кемин району | 42886 | 54196 | 56917 | 61906 |
| 11 | Москва району | 53351 | 65403 | 72895 | 83802 |
| 12 | Панфилов району | 35213 | 43894 | 46445 | 50582 |
| 13 | Сокулук району | 75957 | 104508 | 117084 | 131923 |
| 14 | Чүй району | 24177 | 33079 | 37668 | 42881 |
| 15 | Ысык-Ата району | 69385 | 99706 | 109975 | 127512 |

Демек, 2-жадыбалда көргөзүлгөндөй Бүткүл союздук эл каттоолордун (1959, 1970, 1979, 1989-жж.) баяндамалары боюнча совет мезгилиндеги Чүй жана Талас облустарынын курамына кирген райондор боюнча демографиялык өзгөрүүлөрдү чагылдырууга аракеттерди жасадык.

Жадыбалда көрсөтүлгөндөй Талас облусунун айыл жерлериндеги жалпы калкы 1959-жылдагы эл каттоодо 103603 адам деп көрсөтүлсө, алардын саны 1989-жылдагы эл каттоодо 192509 адамга жетип, айыл калкынын саны 88896 адамга өскөн. Статистикалык маалыматтарга жана талаада чогултулган этнографиялык баяндамаларга караганда отуз жыл ичинде Талас облусунун айыл жерлеринде жашаган адамдардын саны 90 миңге чукулдап өсүшү табыгый өсүш менен түшүндүрүлөт. Ал эми Чүй облусунун аймагында айыл жерлеринде жашаган адамдардын саны аталынган отуз жыл ичинде 337691 адамга жогорулаган. Топтолунган этнографиялык маалыматтарга караганда Чүй облусунун айыл жерлеринде жашагандардын санынын мындай деңгээлге өсүшүнө эки тарыхый мыйзам ченемдүүлүк түрткү болгон. Биринчиси, облустун аймагына  Кыргызстандын ичинде биринчилерден болуп агроөнөр-жай комплекси уюштурулган. Агроөнөр-жай комплекси өзүнүн курамына дан эгиндерин, кызылчаны, жер жемиштерди, жүзүмчүлүктү, багбанчылыкты жана жергиликтүү сырьёну кайрадан иштетип чыгаруучу комбинаттарды, цехтерди кучагына алган. Башкача айтканда, айыл жерлерине жаңы техникалык жана технологиялык өндүрүштүк ыкмалар тарай баштаган. Жаңы технологиялык ыкмаларды өздөштүрө билген адискөй адамдар талап кылынган. Өндүрүштүн ушуга окшогон талаптарынын негизинде Чүй облусунун айыл жерлерине адистиги бар түрдүү улуттагы элдердин өкүлдөрү топтоло баштаган. Экинчиси, айыл жерлеринде жашаган кыргыз, орус, дунган жана башка калктардын табыгый өсүшү.

2-жадыбалда облустун аймагы менен гана чектелбестен, ар бир облустун курамындагы райондордун отуз жыл аралыгындагы (1959-жылдан 1989-жылга чейинки) демографиялык өсүү жараянына атайын токтолдук.

Эми 1959-жылдын көрсөткүчтөрүнө карата 1970-жылдагы, 1970-жылдын көрсөткүчтөрүнө карата 1979-жылдагы, 1979-жылдын көрсөткүчтөрүнө карата 1989-жылдагы Бүткүл союздук эл каттоонун маалыматтарынын негизинде Чүй жана Талас аймактарындагы айыл жерлеринде жашаган калктын пайыздык (*процenttик*) өсүшүнө анализ берелик (караңыз 3-жадыбалды).

**3-жадыбал . Чүй жана Талас аймактарында айыл жерлеринде туруктуу, үзгүлтүксүз жашаган калктын пайыздык көрсөткүчү [4:11]**

| № | Аймактын аталышы | 1959-жылга караганда 1970-жылдын пайыздык көр-сөткүчү | 1970-жылга караганда 1979-жыл- дын пайыз-дык көрсөт-күчү | 1979-жылга караганда 1989-жылдын пайыздык көр-сөткүчү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Талас облусу | 135.9 | 116.2 | 117.7 |
| 2 | Талас облусунун айыл жерлеринде жашагандар | 135.0 | 116.9 | 114.6 |
| 3 | Чүй облусу | 142.1 | 120.1 | 113.8 |
| 4 | Чүй облусунун айыл жерлеринде жашагандар | 130.6 | 107.8 | 112.4 |

Демек, 1959-жылдагы эл каттоо боюнча Талас өрөөнүнүн айыл жерлеринде жашаган калктын демографиялык көрсөткүчүн 100% деп алсак, анын өлчөмү 1989-жылдагы эл каттоодо 66.5%га, ал эми ушул эле мезгилде Чүй өрөөнүнүн айыл калкынын саны 50.8%га көбөйгөн.

Корутундулап айтканда 1926-жылдагы эл каттоодо Талас өрөөнүндөгү айыл жерлеринде жашаган калктын саны 72721 адамды түзсө, анын сандык өлчөмү 1989-жылдагы эл каттоодо 192509га жеткен. Талас облусунун аймагындагы эл жашоочу кыштактарда, селолордо 1926-1989-жылдардын аралыгындагы 63 жылда 119788ке өсүшү айыл жерлеринде жашаган жалпы калктын табыгый өсүшү менен түшүндүрүлөт. Ал эми Чүй өрөөнүнүн айыл жерлеринде жашаган калктын саны 63 жылдын ичинде (1926-жылдагы эл каттоодо 161990 адамдан 1989-жылдагы эл каттоодо 796692 адамга жеткен) 634702 адамга өскөн. Чүй облусундагы айыл жерлеринде жашаган жалпы калктын 634702 адамга өсүшү бир нече объективдүү табыгый жана турмуштук факторлор менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, Чүй облусунун аймактык жайгашынын ортосунда республикабыздын борбору – Бишкек шаарынын жайгашкандыгы; экинчиден, өткөн кылымдын 80-жылдарынын башынан айыл чарба аймактык өнөр-жай комплексинин жайгашкандыгы; үчүнчүдөн, облустун аймагынын көп улуттуулугу; төртүнчүдөн, аймактын курамына өлкөбүздөгү эң ири шаарлардын – Бишкектин, Кара-Балтанын, Канттын, Токмоктун жана шаар тибиндеги Кеминдин жайгашкандыгынын себебинен, аталынган шаарларга жакыныраак жайгашкан кыштактардын, селолордун жашоочуларынын шаар менен болгон түрдүү багыттагы (өндүрүштүк, чарбалык, маданий, социалдык, соода, окуу жана башкалар) байланышынын өркүндөй башташы. Облустун аймагындагы элдин көрсөтүлгөн санда өсүшү табыгый жана Кыргызстандын башка өрөөндөрүнөн, кошуна жайгашкан Казахстандан, Өзбекстандан, Тажикстандан, Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде Кавказдан, Түндүк Кавказдан, Молдавиядан, Ата Мекендик согуштан мурунку жана кийинки жылдары Россия Федерациясынан, Украинадан, Белоруссиядан, Татарстандан, Башкыртстандан көчүрүлүп келгендердин (ички жана сырткы миграциянын) эсебинен жүргүзүлдү.

Чынында бизге чейинки окумуштуулар далилдегендей белгилүү аймакта бир тектүү (бир улутка тиешелүү) же көп тектүү (көп улутка тиешелүү) калктын совет мезгилиндеги 74 жылдын аралыгында демографиялык өнүгүүсү ошол аймакта жашаган элдердин, калктык бирикмелердин же топтордун жалпы тарыхый-этнографиялык өнүгүүсүнө түздөн-түз өз таасирин тийгизген.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Итоги Всесоюзной переписи населения 1959 года. Киргизская ССР.-М.,1963.-С.11 -12
2. Всесоюзная перепись населения 1926 года. Киргизская АССР.-Т.VIII.-М.,1928.-С. 197-198
3. Итоги Всесоюзной переписи населения 1959 года. Киргизская ССР.-М.,1963.-С.131-132
4. Население Кыргызстана. Итоги Всесоюзной переписи населения 1989 года в таблицах (пересчитанные в границах Первой национальной переписи населения Кыргызской Республики 1999 года).-Б.,2003.-С.12-13

**Рецензент: д.и.н., профессор Кочкунов А.С.**

УДК 950(-89)(575.2)

**Мырзадаирова Д.Ш.**
М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун доценти, п.и.к

## УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ – КӨЧМӨН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖОЛУ

***Тарыхы болбой эл болбойт (кыргыз эл макалы)***

*Макала кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолу, алардын студенттерге калтырган таалим-тарбиясы, анын келечеги жана мааниси жөнүндө жазылды.*

**Негизги сөздөр:** *Улуу Жибек жолу, тарых, маданият, дүйнө тааным, усул, окутуу.*

**Мырзадаирова Д.Ш.**
к.п.н., доцент КЭУим. М.Рыскулбекова

## ВЕЛИКИЙ ШЕЛКОВЫЙ ПУТЬ – ПУТЬ КЫРГЫЗСКИХ КОЧЕВНИКОВ

*В статье написана о пройденном историческом пути кыргызского народа, его значении в воспитании студентов*

**Ключевые слова:** *Великий Шелковый путь, история, культура, мировоззрение, метод, преподавание.*

**D. Sh. Myrzadairova**
Ph.D., associate professor of KEU n.a. M.Ryskulbekova

## THE GREAT SILK ROAD - THE WAY OF THE KYRGYZ NOMADS

*The article happiness is written about the historical path of the Kyrgyz people, its significance in the education of students.*

**Key words:** *the Great Silk Road, history, culture, world outlook, method, is preaching.*